# Өрт эмнеден чыкты?



Автор: Айнагул Базарбаева

Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

# Өрт эмнеден чыкты?

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Өрт эмнеден чыкты?" (кыргыз тилинде), автор Айнагүл Базарбаева, сүрөтчү Эржан Токтогулов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Баары оюндан башталды...

Күн абдан ысык эле. Кошуна жашаган классташтар сарайдын көлөкөсүндө жашынмак ойноп жатышты.

– Бир, эки, үч, төрт, беш...

Айгүл сарайдын дубалына жөлөнүп жүзгө чейин санаганча, Өмүрбек, Данияр, Асел жашынып үлгүрүшү керек. Алар сарайдын ар кайсы жерине чуркашты.


– Өрт! Өрт! Сарайдагы саман өрттөнүп жатат! – деп катуу кыйкырган Өмүрбектин үнү чыкты.

– Ата! Сарай өрттөнүп жатат! – деген Айгүл тызылдаган бойдон үйгө кирип, ата-энесин чакырды.

Дароо эле апасы 101ге чалды. Кургак саман тездик менен асманга карап алоолонуп күйүп баратты.

– Балдар, өрткө жолобогула! Сарайда эч ким калган жокпу? – деген Айгүлдүн атасы өрттөнүп жаткан саманды күрөк менен ургулап өчүрүп кирди. Кошуналар жардамга чуркап келишти.





Кый-кууу! Кый-куу!

Коопсуздук сигналдарын иштетип өрт машинеси да жетип келди. Алар өтө ыкчамдык менен өрт өчүрүүчү шаймандарын алышып, чубалжыган суу түтүктөрүн тартып, өрттү өчүрүп башташты. Тез эле алоолонгон өрт токтоду.

– Ырас, бир машинедеги 2,5 тонна суу менен өрттү токтото алдык, – деди өрт өчүрүүчү.

– Ыракмат, силерге! Балдар айтпаса, биз өрт чыкканын байкабай отура бермек экенбиз. Бирок өрт кайдан чыкты болду экен? – деп Айгүлдүн атасы балдарды суроолуу карады.

– Биз өрттөгөн жокпуз! Баарыбыз ойноп жатканбыз, – дешти балдар жарыша.

– Өзүнөн өзү эле ушинтип өрт чыгып кетмек беле? – деп Айгүлдүн апасы да кепке аралашты.

– Өрт чыгууда ар кандай табигый себептер да болушу мүмкүн. Азыр эмнеден чыкканын болжолдоо кыйын, – деди өрт өчүрүүчү.

Балдар бул окуядан кийин үйлөрүнө көңүлсүз кайтышты.

– Чын эле, саман кантип өрттөнүп кетти? Келгиле, өрттүн себебин изилдеп, далилдейбиз, – деп Өмүрбек сунуш айтты

– Кантип?

– Жука темирдин чагылуусунан болуусу толук ыктымал деп кошуна байке айтпадыбы! Ошол чагылуу тууралуу окуп көрөлү.

Балдар эртеси чогуу отуруп, өрт кырсыгы жана чагылуу жөнүндө көптөгөн маалыматтарды талкуу кылышты.






– Чагылуу – эки нерсенин чегине түшкөн жарык толкундун келген жагына кайра таралышы. Эгерде күндүн ысык нуру күзгүдөй жалтырак жука темирге же айнекке түз тийсе, чагылышып, өрт чыгып кетиши мүмкүн. Ал күндүн нурунда узак убакытка калып, чагылуудан улам кагаз же кууранган чөп күйүп кетет экен, – деп Өмүрбек балдарга түшүнгөнүн айтып берди.

– Ооба. Мен окуган маалыматта мындай айтылат. Айрыкча, күн тарапты каратып жабылган жука темир чатырларынын жана күн нурунун ортосунан чыккан чагылуунун таралышы кургак чөп-чар, саман сыяктуу нерселерге өтөт. Күндүн нуру өтө катуу тийген учурда, ал чагылуудан өрт чыгып кетүү кокустугу бар экен, – деди Данияр.

– Ал эмес тоо-таштарга, токойлорго калтырып кеткен суусу бар айнек идиштер да чагылып, токойдо же талаада өрт кырсыктары катталган учурлар болгон, – деди Асел.

– Силер айткан маалыматтарга байкоо жүргүзүп көрбөйлүбү? – деди Айгүл.

Алар жука темир кесиндилерин, күзгүнү, суу куюлган бөтөлкөнү күн нуруна коюп, чагылуу жолдорун карап жана андагы өзгөрүүнү көрүштү. Чагылуу түшкөн жерлер ысып кеткендигин байкашты.





– Ой, мен билдим! Булар да лупа сыяктуу турбайбы! Ооба, байкем менен атам да лупанын күн нуру менен чагылуусунун таралышы аркылуу кагазды күйгүзүшкөн. Мындай нерселер өрт коопсуздугу үчүн абдан маанилүү экен. Лупаны күндүн нуру тийген ачык жерге калтырган болбойт деп айтышкан, – деди Данияр.

Балдар ошол эле күнү Айгүлдүн ата-энесине барышты. Алар өрт кырсыгы болгон себептерди аныктап чыгышканын, өрт жука темирдин чагылуусунан башталганын айтып беришти. Ал эми атасы жука темир менен сарайдын чатырын эч кандай адистерди катыштырбай өзү жапкандыгын айтты.

Бул окуядан кийин, балдар гана эмес, чоңдор дагы өрт коопсуздук эрежесин сактоо зарыл экенин түшүнүштү. Алар мектепте өрт кырсыгын алдын алуучу ыктыярдуу дружина түзүштү. Өрт өчүрүүчү кызматкерлер менен биргеликте өрт коопсуздугун сактоо эрежелерине толуктоолорду киргизишти...

Балдар, силер өрт коопсуздугун сактоо боюнча кандай эрежелерди киргизет элеңер?



USAID

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Айнагүл Базарбаева

Сүрөтчү: Эржан Токтогулов



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли